# Биздин үйгө кош келиңиздер!



Автор: Шахло Алавова

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Биздин үйгө кош келиңиздер!

Автор: Шахло Алавова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Добро пожаловать в мой дом!*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган. "Биздин үйгө кош келиңиздер!" (кыргыз тилинде), автор Шахло Алавова, сүрөтчү Светлана Насынбатова, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.


Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет: Alexas_Fotos/21582, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 1-б Freyer/21 images, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 11-б Andrei_Garm, © 2021 www.pixabay.com. https:// pixabay.com/ru/photos; 11-б Free-Photos © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 11-б Peter Olexa, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 11-б Yaroslav Maltsev, © 2021 www.unsplash.com. https://unsplash.com/photos/qncUmtmSsC8. 1-б by Free-Photos, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 2-б WikiImages, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 2-б WikiImages, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 3–5, 5–7, 9–11, 11–12, 12–16, 20–21, 24 б. Vova Shevchuk, © 2021 www.shutterstock.com. 3-б Jean Christophe ANDRE, © 2021 www.pixabay. com. https://pixabay.com/ru/photos; 4-б WikiImages, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com /ru/photos; 6-б Mihas108, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 7-б Seleznev Oleg, © 2021 www.shutterstock. com. 8-б Judith Scharnowski, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 9-б T.Wilbertz, © 2021 www.shutterstock.com. 10-б GTS Productions, © 2021 www.shutterstock. com.10-б Guy Dugas, © 2021 www. pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos;l 11-б by Sergey-73, © 2021 www.shutterstock.com. 11-б David Mark, © 2021 www.pixabay.com. https:// pixabay.com/ru/photos; 12-б S-F, © 2021www.shutterstock.com. 12-б GeorgeB2, © 2021 www.pixabay.com. https:// pixabay.com/ru/photos; 13-б Spiroview/nc, © 2021 www.shutterstock.com. 14-б Viateur, © 2021 www.pixabay.com. https:// pixabay.com/ru/ photos; стр. 15 Pushkarev Evgeniy, © 2021 www. shutterstock.com. CC BY 4.0. 16-б Djedj, © 2021 www.pixabay.com. https:// pixabay.com/ru/photos; 17-б Free-Photos, © 2021 www.pixabay.com. https:// pixabay.com/ru/photos; 18-б Alexander Antropov, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com /ru/photos; 19-б MielnickiStudio,© 2021 www.shutterstock.com. 19,21-б Matyas Rehak, © 2021 www.shutterstock.com. 19-б Thiago B Trevisan, © 2021 www.shutterstock.com. 19-б Ilias Jumadilov, © 2021 www.frickr.com. https://api.flickr.com/photos/oigoba; 19-б alwih , © 2021 www. shutterstock.com. 20-б Andrii Lutsyk, © 2021 www.shutterstock.com. 20-б AndreiGarm, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 21-б Greg Newman, © 2021 www. pixabay.com. https://pixabay.com /ru/photos;стр.21 Homufu, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 22-б Pikoso.kz, © 2021 www.shutterstock.com. 22-б Homufu, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 22-б Gerhard G., © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 22-б unverdorben jr, © 2021 www.shutterstock. com. Teetasse, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos;стр.23 Berkay_Çelelbi, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos; 23-б Tookapic, © 2021 www.pixabay.com.https://pixabay.com/ru/photos: 23-б GregoryButler, © 2021 www.pixabay.com. https://pixabay.com/ru/photos.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Адамдар бардык жерлерде жашайт:






Суук жерлерде...

Кургактыкта...





Ысык жерлерде...

Нымдуу жерлерде...





Тоолордо...

Түздүктөрдө...



Адамдар керек болсо космосто да жашайт.



Суук жакта адамдар кантип жашайт болду экен? Эмесе келгиле, Гренландия, Аляска жана Чукоткада жашаган досторубузга конокко барып келели.







– Салам, менин атым Силла. Силла деген сөз "асман" дегенди түшүндүрөт. Мен инуиттердин уруусунан болом. Биздин иглу деп аталган муздан жасалган үйүмө кирип көрбөйсүңбү?

Иглу – кардан жана муздан жасалган убактылуу турак жай. Аны жасоо үчүн биз карды пайдаланабыз. Анткени үй салыш үчүн бул жакта башка курулуш материалдары жок.

Атам экөөбүз иглуну чогуу салдык. Алгач кардан кирпич даярдап алдык. Андан кийин үй кылып тизип чыктык.

Сыртынан караганда, биздин үй кичинекей эле көрүнөт. Анын жашай турган негизги бөлүгү жердин астында болот. Суук менен шамалдан коркпойбуз. Себеби иглунун терезелери жок. Жерге жаныбарлардын териси төшөлөт. Иглунун ичинде жылуулук жакшы сакталат.

Аба кириши үчүн эшиктин ордуна узун өтмөк колдонулат.





Аңчылык бүткөндө, биз иглуну калтырып, мынтыгак деп аталган өзүбүздүн туруктуу жашаган үйүбүзгө кетебиз. Мынтыгактын сыртынан тери капталат. Анын ичине кирсең, ушунчалык жылуу дейсиң. Биз кийимдерибизди чечип салып отурабыз.

Биздикине келип, май жана жер-жемиштерден жасалуучу акатукак деп аталган балмуздактан жеп кет.

Сен эскимостордун кантип өбүшөрүн билесиңби? Күн суук болгондуктан, бети-башты толугу менен жаап алуу керек. Көздөр менен мурун гана ачык болот. Ошондуктан эскимостор учурашканда мурундарын тийгизип сүрткүлөшөт. Муну эскимосчо өбүшүү же болбосо "куника" деп аташат.





– Еттык, тумгытури! Саламатсыңарбы, достор! Мен чукоткалык Гыргол – Гыргын деген баламын.

Биз валкаранеде жашайбыз.

Бул үйдү биз киттин сөөгүнөн жасайбыз. Коркунучтуу угулганы менен, анын ичине кирсең, аябай жылуу болот. Үйүбүз сыртынан топурак менен жабылат, ичи жыгач менен капталат. Жылуулукту ушинтип сактайбыз.

Деңиздин жээгинде жашап, балык уулоо менен жан багабыз. Биз киттерди да кармайбыз. Алардын сөөктөрүн колдонуп, үй салабыз.





Ал эми чукчалардын бугу баккан уруусундагы Алелей аттуу досум ярангада жашайт. Бугу баккандар жайыттан жайытка көчүп жүрүшөт. Ошондуктан алардын чатырга аябай окшош бул үйү да көчүп-конууга ылайыкташтырган.

Үй сыртынан бугунун жана морждун териси менен капталат. Шамал учуруп кетпесин деп, үйдүн түбүнө тегерете ылдый таш тизип коюшат.

Кадимки яранганы жылуулаш үчүн train кеминде 50 тери керектелет.





Ысык жактарда адамдар кантип жашайт? Келгиле, Сахара жана Түштүк Африкадагы досторубуздун үйлөрүн көрүп келели.

– Кымбаттуу досум, менин атым Абу. Мен бедуиндердин уруусунан болом. Биз Сахара чөлүндө көчүп-конуп жүрөбүз. Сени фелидж деп аталган үйүбүзгө кирип кет деп чакырам.

Фелидж − төөнүн териси менен капталган чатыр. Азыр кумдуу бороон башталат. Ичкери кирип, эшигин бек тарталы. Антпесек, үйгө кум толуп калат.

Үйгө киргенде, аялдар жашай турган жагына кирип алба. Чатыр көшөгө тартылып, аялдар жана эркектер жагы деп экиге бөлүнгөн.



Булар биздин тѳѳлѳрүбүз. Кѳчкѳндѳ, жүктү тѳѳлѳргѳ артабыз. Биз тѳѳнүн сүтүн да ичебиз.

Тѳѳлѳр чѳлдѳн суу издегенди билишет. Тѳѳ суусаса, анда ал суунун булагын издей баштайт. Эгерде тѳѳ жерге жата калып, тургусу келбесе, демек, астында суу бар. Мына ушул жерден кудук казыш керек.





– Мен Африкадагы зулус уруусунан чыккан Иньонимин. Биз икукванда жашайбыз. Биз саман, камыш жана чөптөн жасалган тегерек үйлөрдө жашайбыз.

Мунун баары бири-бирине чырмалышып, чопо жана кык менен бекитилет.

Үйдүн ичи абдан салкын. Икуквандын кире бериши өтө жапыз болот. Ошондуктан биздин үйгө сойлоп кириш керек.

Зулустардын сорго аттуу өсүмдүктү өстүрөрүн билчү белеңер? Сорго буудайга абдан окшош болот. Зулустар соргодон жана жүгөрүдөн жасалган тамактарды жешет.







Ысык жана нымдуу жактарда адамдар кантип жашашат? Келгиле, Амазония тропикалык токоюнда жашаган досторубузга барып көрөлү.

– Салам! Мен какчикели уруусунан чыккан Итай аттуу кызмын.

Биз жашаган Гватемалада климат өтө нымдуу. Үйүбүз бахереке деп аталат. Бул үй саман жана чоподон жасалат. Нымдуулук көп болгондуктан, биздин үйлөр көгөрүп кетет.

Бирок биз бул маселени чечтик. Саман чатырлуу бийик үйлөрдү кура баштадык. Мындай үйдө аба таза болот, дубалдары да көгөрбөйт.

Гватемалалык индейлердин ата-бабалары атактуу майя цивилизациясында жашаганын билчү белеңер?









Адамдар түздүктөрдө кантип жашашат?

– Салам, менин атым Лилуе. Мен Апачи уруусунун кызы болом. Менин атымдын мааниси – "шаңшыган шумкар".

Биз вету деп аталган үйдө жашайбыз. Мына, карасаң, үстү кабыктар жана токулган таар менен жабылган. Үйүбүзгө кирип, кактустан жасалган токочтон ооз тийгиле.

Биз жүгөрү жана кактус өстүрөбүз. Менин апам бугунун терисинен көйнөк тигет. Ал аны тал канат жана тасмалар менен коолдойт.









Навахо уруусундагы досум жакын жерде жашайт.

Анын аты Урпи. “Көгүчкөн” дегенди билдирет. Алар хоганда жашашат.

Хогандын чопо дубалдары бар. Эшиги ар дайым күндүн чыкканын көрүү үчүн чыгыш тарапты каратылат.

Урпинин апасы килем токуп, тигүүчүлүк менен алектенет. Ал жууркандарды бизондун терисинен тигет.





– Менин атым Овизогун. Мааниси – "муздун асты". Биздин ирокез уруубуз токойдо жашайт.

Биздин узун курулган үйүбүзгө кирип көр. Ичи аябай кенен. Чоң атам жана чоң апам болуп чогуу жашайбыз. Үйдүн сыртын дарактын кабыгы менен каптайбыз. Терезеси жок, жарык шыптан түшөт.

Жылынуу үчүн биз отту үйдүн ичине эле жагабыз. Түтүн шыптагы тешиктер аркылуу өйдө чыгат.

Сен да чачыңды меникиндей кылып жасатып албайсыңбы?





Көчмөн кара бут уруусунун өкүлү, менин досум Минган ("боз карышкыр") типи деп аталган үйдө жашайт. Минган атасы экөө бизондорго аӊчылык кылганды жакшы көрүшөт. Көчкөндө типини жыйыштырып кетүү оӊой.

Жүргүлө, Мингандыкына баралы. Ал бизге жаасы менен жебелерин көрсөтөт. Минган таштан жебенин учун жасаганды жакшы билет. Алар абдан кооз типиде жашайт.

Кара буттар өздөрүнүн типисин сүрөттөр менен коосдошот. Силер индейлердин териден маасы жасап кийерин билчү белеӊер?

Кызык: бүгүнкү күндө индейлердин көптөгөн уруулары Нью-Мексико жана Аризонадагы резервацияларда жашашат.

Билип ал: Кара буттардын маасылары ар дайым кара көө болуп тургандыктан, ушундай атка ээ болушкан. Талаада ар дайым өрт болуп тургандыктан, жердин баары көө болуп калчу.





Тоолук элдер кандай жашайт болду экен? Эмесе, Кавказдагы досторубузга барып келели.

– Салам, Менин атым Гамид. Мен дагестандык болом. Биздин айылыбыз Түндүк Кавказ тоолорунда жайгашкан.

Биз сакля деп аталган үйдө жашайбыз. Сакляны таштан тургузушат. Саклядан ылдыйды караганда, абдан кооз көрүнөт. Алыстан биздин үйлөрүбүз чабалекейдин уясына окшош көрүнөт.

Үйлөрүбүздүн чатырлары түз болот. Биз чатырларга мөмөлөрдү кургатабыз. Жайында үстүнө чыгып уктап алсаң да болот.





Суу үстүндө элдер кантип жашайт болду экен?


– Саламатсыңбы, менин атым Янсен. Мен голландиялык болом. Биз үй-бүлөбүз менен хаусботто жашайбыз. Хаусбот – сууда калкыган кайыктын үстүнө салынган үй.

Амстердамда элдин баары эле үйлүү эмес. Бул жерде суу толтурулган каналдар аябай көп. Менин чоң атамдын эски баржасы бар болчу, ошону оңдоп чыктык. Биздин абдан кооз үйүбүздүн беш бөлмөсү жана балкону бар.



Космонавттар салмаксыз абалда жашайт, анткени космосто Жердегидей атмосфералык басым жок. Алар башкача тамак жеп, күн сайын машыгып турушат. Жерди сүрөткө тартышат.

Космостук станциянын бортунда ар бир тамчы тер, чөмүлгүдөн аккан суу, жада калса заара да кайра иштетилип, ичер сууга айландырылат.



Сен муну билчү белең?

Эл аралык космос жандоочусу бир жарым саатта планетабызды айланып учат. Космонавттар күндүн батышын жана чыгышын күн сайын он беш жолу көрүшөт.











Кымбаттуу достор, биздин сүйүктүү Кыргызстандын да тоолору жана түздүктөрү, суук жана ысык аймактары бар.







– Менин атым Назгүл. Мен Сары-Могол айылында жашайм. Биздин айылыбыз өтө бийик Алай тоосунда жайгашкан. Бул жерде катуу шамал согуп, катуу суук болот.

Бак-дарак өспөгөндүктөн, үйлөр чоподон жана таштан курулат. Менин терезимден Ленин чокусу көрүнүп турат. Анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 7134 метрди түзөт!

Сен муну билчү белең? Тоолор Кыргызстандын бардык аймагынын 94 %ын ээлейт.

Чүй, Талас жана Фергана өрөөндөрүндө гана тегиз жерлер бар.









– Салам, мен таластык Айдай аттуу кызмын.

Биз мал чарбачылыгы менен алектенебиз.

Уй, кой жана жылкыларыбыз бар. Жайкысын дайыма жайлоого көчүп барып, боз үйдө жашайбыз. Боз үй – көчмөн эл үчүн абдан ыңгайлуу турак-жай.

Ата-энем боз үйдү эки сааттын ичинде эле тигип коёт. Үч саатта кайра чече алат. Боз үйдү тиккенге караганда чечүү кыйыныраак. Боз үй катуу шамалга туруштук берет. Кышында жылуу, жайында салкын болот.

Боз үйдүн үзүк-туурдугу кийизден жасалат, андан суу өтпөйт.









Боз үйдүн төбөсүндө түндүгү бар. Ал аркылуу үйдүн ичине жарык түшүп, аба кирет.



Боз үйдө жатып алып, түндүктөн асманды тиктегенди жакшы көрөм.

Боз үйдүн эшигинин асты босого деп аталат. Босогонун каршысында төр болот, ал үйдүн эң сыйлуу жери.

Ал эми боз үйдүн ичиндеги эң жылуу жер – коломто. Коломто так эле түндүктүн астында болот. Себеби коломтодон чыккан түтүн түз эле түндүк аркылуу сыртка чыгат.

Сен муну билчү белең?

Бир боз үйдүн салмагы 400 эле килограмм болот. Бир боз үйдүн үзүк-туурдугуна кийиз жасоо үчүн 25 койду кыркуу керек!


Биз дүйнө элдеринин салттуу үйлөрү жөнүндө сөз кылдык. Бирок азыркы кезде көпчүлүк адамдар силер менен биздей эле заманбап үйлөрдө жашашат.

Сенин үйүң кандай экени маанилүү эмес.

Анын ичинде канчалык кубаныч жана бакыт бар экендиги маанилүү!



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Шахло Алавова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.shutterstock.com, www.flickr.com,
www.unsplash.com, www.pixabay.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли